**2006-жылдын 3-октябрындагы Жарандардын өз ара барып-келүүлөрү жөнүндө Өзбекстан Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

# ПРОТОКОЛ

Мындан ары Тараптар деп аталуучу Өзбекстан Республикасынын Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети,

эки мамлекеттин жарандарынын өз ара барып-келүүлөрү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү максатында,

2006-жылдын 3-октябрындагы Жарандардын өз ара барып-келүүлөрү жөнүндө Өзбекстан Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы макулдашуунун (мындан ары – Макулдашуу) 4 жана 13-статьяларын жетекчиликке алып,

төмөнкүлөр жөнүндө макулдашты:

## 1-берене

Макулдашууга төмөнкүдөй өзгөтүү киргизилсин:
Макулдашуунун № 1 жана № 2 тиркемелери ушул Протоколдун № 1 жана № 2 тиркемелери менен алмаштырылсын.

## 2-берене

Ушул Протокол Макулдашуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана Макулдашуунун 16-статьясында каралган тартипте күчүнө кирет жана анын колдонулушу Макулдашуу менен бир убакта токтотулат.

2023-жылдын 27-январында Бишкек шаарында ар бири өзбек, кыргыз жана орус тилдеринде эки түп нускада түзүлдү, мында бардык тексттер бирдей күчкө ээ.

Ушул Протоколдун жоболорун чечмелөөдө пикир келишпестиктер келип чыккан учурда, Тараптар орус тилиндеги текстке кайрылат.

**Өзбекстан Республикасынын Өкмөтү үчүн**

**Бахтиёр Саидов**
**Тышкы иштер министринин милдетин аткаруучу**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети үчүн**

**Жээнбек Кулубаев**
**Тышкы иштер министри**

2006-жылдын 3-октябрындагы Жарандардын өз ара барып-келүүлөрү жөнүндө Өзбекстан Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу протоколдун № 1 тиркемеси

**Кыргыз Республикасынын аймагына кирүү, чыгуу, транзит менен өтүү, жүрүү жана убактылуу болуу үчүн Өзбекстан Республикасынын жарандарынын документтеринин тизмеги**

1. Өзбекстан Республикасынын биометрикалык дипломатиялык паспорту.

2. Өзбекстан Республикасынын жаранынын чет өлкөгө чыгуу үчүн биометрикалык паспорту.

3. Өзбекстан Республикасынын аймагынан тышкары туруктуу жашаган жеринин статусу бар жарандар үчүн Өзбекстан Республикасынын жаранынын биометрикалык паспорту (2030-жылдын 31-декабрына чейин).

4. Өзбекстан Республикасынын жаранынын идентификациялык ID-картасы*.

5. Өзбекстан Республикасына кайтып келүү үчүн күбөлүк.

Эскертүү:

*ушул тизмектин 4-пунктунда баяндалган документ Өзбекстан Республикасынын жарандары тарабынан Өзбекстан Республикасынан Кыргыз Республикасына чыгууда жана Кыргыз Республикасынан Өзбекстан Республикасына кирүүдө колдонулат.

2006-жылдын 3-октябрындагы Жарандардын өз ара барып-келүүлөрү жөнүндө Өзбекстан Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу протоколдун № 2 тиркемеси

**Өзбекстан Республикасынын аймагына кирүү, чыгуу, транзит менен өтүү, жүрүү жана убактылуу болуу үчүн Кыргыз Республикасынын жарандарынын документтеринин тизмеги**

1. Кыргыз Республикасынын дипломаттык паспорту.
2. Кыргыз Республикасынын кызматтык паспорту.
3. Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карта)*.
4. Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспорту.
5. Кыргыз Республикасына кайтып келүү үчүн күбөлүк.

Эскертүү:

*ушул тизмектин 3-пунктунда баяндалган документ Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан Кыргыз Республикасынан Өзбекстан Республикасына чыгууда жана Өзбекстан Республикасынан Кыргыз Республикасына кирүүдө колдонулат.